Суктантат сенин келбетиң,
Сунайын сүйүү берметин.
Жактырбай сүзүп көзүңдү,
Жаралуу кылба сезимди.
Унутпайм күткөн мезгилди,
Жүрөктөн арнап сезимди.
Уурданып сүйүп мен сени,
Уйкудан калган кезимди.
Кайырма:
Оюмда сенсиң,
От болуп жанган.
Жүрөмүн жетпей,
Сүйүүңө арман.
Көрүнүп койчу,
Кусадар кылбай.
Ашыкмын сага,
Ашыкмын абдан.
Жадабай жолуң караймын,
Жалынып сүйүп, самаймын.
Угар деп менин үнүмдү,
Өзүңө карай барамын.
Жүрөгүм толуп кусага,
Чыдабай барам ызага.
Толтуруп сүйүү кесесин,
Тойгузчу мени, садага.
Кайырма: